УДК: 894.341

К.Асаналиева

К.Тыныстанов ат. ЫМУ

ЭРНИС ТУРСУНОВДУН ПОЭЗИЯ ЖАНРЫНДАГЫ К РК М ИЗДЕНЩЩ ЧЕБЕРЧИЛИКТЕРИ

Бизди курчап турган дүйнөнү, адамдардын өзара карым-катышын, биз көрүп жүргөн бардык нерсени көркөм кабыл алуу жаратылыштын тартуулаган өзгөчө сыйы. Бул тартууну өмүрүнүн акырына дейре өркүндөтө алган акын чыныгы сүрөткер. «Акын карапайым адам көрбөгөн, анчейин байкалбаган турмуштук окуялардын билинер-билинбес байланышын көрөт. Башка бирөө көрүп туруп эле айта албай турган нерсени издетпей туруп табылгандай сөздүн сыйкырдуу күчү менен жүрөк титиретерлик кылып айтат. Акындын акындык жосуну ушунда.”- деп белгилүү сынчы Кеңешбек Асаналиев айткандай, чындыгында эле, жаратылышындагы чоң толкуну бар акындар турмушту жандантуучу күчкө ээ [1]. Алардын курч көзү кайсы гана нерсеге урунбасын, ошол көрүнүштү өзүнөн өткөрүп, поэзияга айлантат.Чыгармачылык кудуретине, дүйнөгө көзкарашына, фантазиясына жараша окурмандын ой- толгоосун козгоп, аңсезимине бүлүк салат. Белгилүү го, ар кандай чыныгы поэтикалык чыгарманын өзөгүндө эң оболу дүйнөнү аңдап таануу аракеттеринен сыгылып чыккан учкул ой жатат.

Поэзия башка жанрлардан өзүнүн бөтөнчө белгилери менен айырмаланат, башкача айтканда, ыргагы, кайрыгы, басымы, үндүүлүгү, мукамдыгы аркылуу жүрөккө жетет. Ага кошумча ойдун тереңдиги мазмунду камтып турат. Мезгил өзү иргеп, сынап алгандай, жылдар өткөн сайын ыр жазган көп акындар унутулат, алардын жазгандары келечек муундардын эсинде калбайт. Чыныгы акындын жакшы эмгектери анын көмүскө калган башка эмгектерин да аренага алып чыгат. Анткени, акындын чеберчилигин калыптоодо алар да өбөлгө болгон.

Эрнис Турсуновдун кайсы гана ырына ой жүгүртпөйлү, поэтикалык ойлору терең, диапазону кенен, көркөм салыштырууга бай, уйкаштары табигый, так, укулуктуу, жагымдуу.Жөнөкөй эле тигил же бул нерсе жөнүндө болобу, же бир чоң кубулуш жөнүндө болобу, акын ал көрүнүштүн тышкы абалын сүрөттөп отурбайт, дароо ички дүйнөсүн аңтарып кирет.. Акын жандуу сөзгө өтө маани берет. Саптагы жандуу сөз ордунда турса, ырга кыймыл берет, тамырына кан жүгүртөт.

Таш эмес эттен бүткөн
Жарадар баш,
Таңдагы кызыл шарга
Барабар баш,
Миң сокку мизин терең,
Батырса да,
Жер шарын көтөрүүгө
Жараган баш.
«Жарадар баш»

Эрнис Турсунов адабиятка өтө жаш кезинен тартып аралашты.Мектепте окуп жүргөндө эле ырлар, аңгемелер жаза баштаган. Э.Турсуновдун эң алгачкы аңгемеси 1950-жылы» Кыргызстан пионери» газетасына жарыяланган болучу. Студент кезинде эле, алгачкы курста окуп жүргөндө, 1955-жылы алгачкы жыйнагын чыгарууга жетишти. Аны балдарга арнап,

«Гүл да гүл,
Биз да гүл» деп

«Гүл» атады [2]. Жыйнак өзүнүн жаңылыгы менен, көркөмдүгү менен окурмандарды тез эле өзүнө тартып алган эле. Бул жыйнакка киргизилген ырларды талдап окуу менен

тематика боюнча, сюжет түзүү жагынан автордун кеңири чабытын көрүүгө болот. Э.Турсуновдун али такшала элек, бирок арымдуу чыгармачылыгында гумандуулукту, атуулдукту эстетикалуу кооз салымдар менен шөкөттөп мектеп жашындагы өспүрүмдөрдүн жаш өзгөчөлүгүнө, сезим деңгээлине ылайык берүүгө тырышкан. Балдар үчүн өзгөчө алардын жаш өзгөчөлүгү, психологиясы эске алынат. Ага жараша, аларга эң жакын турган нерселер жөнүндө айтылат. Жыйнакта балдар үчүн кеңири белгилүү болгон оюндардын негизинде жазылган «Жашынбак», «Ак терек, көк терек» деп аталган ырлар эң сонун түзүлгөн. Бул ырлардагы элестүү сүрөттөөлөр окурмандарды өзүнө тартпай койбойт.

Жашын, жашын, жашын бат,
Калкаласын жашыл бак.
Дым-дым болдук жашындык,
Кыйын болсоң, азыр тап.
«Күкүк» деген үн чыгат,
Тетигинде ким турат.
Тал түбүндө турбайбы,
Көрүп калды Нурбайды.

Бул саптар жалпы сөздөр менен жазылган ойлордун топтоштурулган жыйынтыгын көрсөтпөстөн, кооз жана аз сөздөр аркылуу гана көрүнүштөрдү даана сүрөттөйт.

Кенже жана орто жаштагы балдарга үчүн арналган чыгармаларда тил байлыгы, баяндалуучу окуялар, саптардын түзүлүшүндөгү маани жактан болгон өсүштөр, ой-жүгүртүүлөр кайсы бир учурларда өзүнүн окурмандарынын жаш өзгөчөлүгүнөн бир аз алдыда болушу зарыл. Анткени, мындай мүнөздөгү ырлар алардын түшүнүгүн кеңитүүгө, образдардын түзүлүштөрүнө карата кызыгууларды пайда кылууга, тил байлыгын өстүрүүгө алып келер эле. Жыйнактагы «Талант жөнүндө талаш», «Динамодон репортаж», «Өлкөбүз боюнча саякат» өңдүү сюжеттүү ырлар, «Максат», «Нан керек, жашоо керек» деп аталган поэмалар мына ушул мүнөздө жазылган.

Эрнис Турсуновдун акындык бөтөнчүлүгү - өмүр, өлүм, бакыт, кайгы-муң, Адам, жашоо, убакыт, табийгат, махабат тууралуу жазылган сонеттеринде жана балладаларында байкалды. Мейли, скрипка же кылкыяк сыбызгытсын, ак чыныны же таш күзгүнү ырдасын, Ысыккөл же Көкөмерен сыяктуу жер кереметин күүгө салсын, бары бир алардын ар бирин өмүр менен, жылдар менен органикалуу байланышта карайт. Алардын башкы каарманы өзү. Алган багыт, обьект: адамдар, тагдырлар, жылдар. Буларды бири-бири менен карым-катышта сүрөттөйт. Ал сонет жазууда англиялык сонет формасына кайрылган, анын чыгармачылыгына Шекспирдин сонеттерин котоpуу чоң мааниге ээ. Сынчы К.Эдилбаев акындын изденүүсүнө байкоо жүргүзүп келип, сонет табияты бир кыйла эстетикалык деңгээлде табигый түрдө билгичтик менен ачылгандыгын белгилеп, “композициялык курулуш закончене мдери да индивидуалдуу белгилерге ээ” дейт. Ал минтип жазат: Маселен, Э.Турсуновдун сонеттериндеги уйкаштар табигый жана так, бир калыптагы мелодикага ээ, айтылчу ойдун тезиси бара-бара антитезис менен алмашылбайт, тескерисинче, тезис айтылат да ал акыркы эки сапка чейин өнүктүрүлөт жана синтезге өтөт. Мунун баары туюнтуу каражаттары менен ыкмаларын чебер өздөштүрүүгө, ага жетишүүгө кылган акындын текке кетпеген далалаты” [3].

Акындын поэтикасы - көркөм боектуу сүрөттөмөлөрдү мол колдонгондугуна байланыштуу.”Аба жиреп шукшурулган бир кушмун”, “Ителгиче бүркүттү тээп ыргытып”,”Бир аккууга айлангандай үч шумкар” деген сыяктуу саптар жана пайдаланылган метафора, салыштыруулар сонеттердин эстетикалык көркүн ого бетер арттырып турат. Э.Турсуновдун лирикаларындагы көркөм боектордун түрлөрү ар түрдүү, ошол үчүнбү автордун калеминен жазылган саптар бири-бири менен эч кысталышпай табигый түрдө ыкташып, уйкашып турат. Бул өзгөчөлүктү К.Эдилбаев да мындай деп баса белгилеген: “…а түгүл сүйүү, бакыт, тагдыр жөнүндө жалган иллюзия менен жашап жүргөн адам окуганда сезимине бүлүк түшүрчү мазмундуу, курч жана таамай бүтүм чыгарган айрым саптар бар. Ой менен сезимдин бийикке кол сермеген

маданиятынан жаралган мындай саптар автордун калеминдеги акындык дарамети, чыгармачыл умтулууну талашсыз ырастап турат. Анын акындык жүзү, изденүү машакаты да ошол саптардан ачык көрүнөт". Лирикалык каарман бардык турмуштук, жаратылыштык көрүнүштөргө ички бай, назик, таза сезими менен жандуу аралашып келет. Анын жашоо кредосу адам деген толук маанини алып жүрөт. Бирок, бул өтө кыйын, анткени өзүнчө бактылуу болуп жашасаң, көрө албастар, ичи тарлар, көңүл ооруткандар, тоскоол, жолтоо болгондор пайда болот. Акын бир сонетинин бир катренинде мындай дейт:

Өтөт кырсык, өтөт оору, жөтөлмөй,
Өтөсүңөр кирген суунун шарынан,
Санаа, кайгы, өлүм келсе-көтөрмөй,
Сакта дегин адамдардын каарынан!

Акын ар бир көрүнүштү убакыттын түздөн-түз натыйжасы катары карайт. Чындыгында турмуштагы бардык көрүнүш убакытка көзкаранды.

Дале бүтпөй баскан жолдун алысы,
Дале тынбай жүрөктөрдүн кагышы,
Дале бышат дарбыз, жүзүм, дан, күрүч,
Дале турат эл көргөндүн баарысы.
Дале чуркайт убакыттын арышы,
Дале угулат толкундардын дабышы
Дүңү менен тоо чалкалап, көл жатат,
Дүйнө деген байыркынын жаңысы.

Келтирилген куплетте убакытты акын чыныгы сүрөткерлерче сүрөттөйт. Убакыт, албетте, баскан жол, адамдардын ойку-кайкы сапары. Булардын катарында секунддарга жарыша дүк-дүк кагуусун токтотпогон жүрөк дабышы. Жер жүзүн жаңылап, улам жазда бүчүр ачып, күздө берекесин төккөн эмгектин куту: дарбыз,жүзүм, дан, күрүч жана ушуларды жаңылап турган убакыттын арышын көрсөтөт. Ошондуктан, баскан жолдун арышы, жүрөктөрдүн кагышы тынымсыз кайталана берет. Өмүр сапарында баскан жол эч качан бүтпөсүн эскертип, акын жаз-күз аралыгында дарбыз, жүзүм, дан, күрүч дайыма бышып турарын реалисттик планда сүрөттөйт. Жөнөкөй адамдар анча этибарга албаган нерседен да поэтикалык жарк эткен жалын табат. Ошол нерсе, мисалы, көлөкө болсун, ага акындын дилиндеги от дүрт эткенде, ал дароо жандуу образга айланат. Биринчи эки куплетте көлөкөдөн кыскача кабар берет.Үчүнчү куплеттен тартып, экспрессивдүүлүккө өтүп, акын образды ары ишенимдүү, ары сатиралык нукта улантып отурат. Көлөкө көлөкө болгон касиетинен калып, поэтикалык предметке өтөт.

Ал –досум! Дос катары мактай алам,
Ар качан жакшы жагын жактай алам,
Жамгырда, күн суукта, бурганакта,
Жаныман караманча таппай калам...
Күн чыкса күн алдына жетип барат,
Күүгүмдө күмөнү жок кетип калат,
Бүркөлүп, күн күркүрөп, добул жүрсө,
Бүк түшүп бекем жерге бекип алат...

Биз акындын көлөкөсүнө карата оң мамилеси жөнүндө кеп кылбай эле коелу. Бул туурасында окурман айттырбай эле түшүнүп алат. Мында эч ким элес албаган көлөкө жөнүндө сөз болуп жатат. Ар ким көлөкөсүнө ар кандай мамиле кылат. Ал эми Э.Турсуновдун көлөкөсүнө кылган мамилеси таптакыр башкача."Жамгырда, күн суукта, бурганакта" ал көлөкөсүн таппай калат. Кайсы жана кандай учурда анын жолдошу ээсинен алыс кетти.Кеп мына, ушунда. Бул лирикалык образда акын эмне жөнүндө айтайын дегенин окурманга жеткирди. Демек, жамандыкта "жаныман караманча таппай калам" дейт. Акын көлөкөсүн саптан сапка улаштырып, узун сабак кеп кылып отурбайт. Тескерисинче, ээси менен аласа-бересеси бар, кадимкидей эле жандуу образ жаратты. Биз эми көлөкөнү жөн салды гана көлөкө дебей калдык. Көрсө, акындын акындык кудурети

ушунда экен. Эч ким байкабаган, аны андан башка деп элестетүүгө мүмкүн болбогон өзүнчө бир дүйнөнү жашоого алып чыгып, окурмандын көз алдында таасын тартып коет.

Жаратылыш, алгың келсе,
баарын ал,
Жаштыгымды, байлыгымды,
үйүмдү.
Бирок менин ким экеним таанып ал,
Бир сураарым, калтырып кой
сүйүүмдү.

Ашыктык сезими, махабат толкуну, сүйүү назы атамзамандан бери эле ар бир адамдын жаштык дооруна ылайык ырдалып келет. Жалпыга белгилүү, сүйүү өмүрдүн соолгус булагы, сезимдин башкы күчү, поэзия дарагынын тамыры. Бакыт турмушту билгендерге берилгендей, сүйүү чыныгы сүйгөндөргө берилет. Бардык сыйкырдуу күчтөрдөй эле сүйүү сезимин оозеки айтып бериш кыйын. Ал түшүндүрүлгүс азаптуу нерсе. Ошол үчүн араб, кытай, фарсы, европа классикасынан тартып, ушул күндөргө чейин сүйүү поэзия аркылуу терең айтылат.

Күч атасы камаарабай жай кана,
Күйүп турган отту сууга таштады,
Ошол замат буу көтөрүп айлана,
От өчтү да…суу шарактай баштады.
Ошол өңдүү күйүп турган көздөрүң,
От илебин жүрөгүмө таштады,
Көрүп туруп айланамды сезбедим,
Көзүң өчүп…жүрөк күйө баштады.

Акын махабат кумарын гана даңазалабастан, ал аркылуу лирикалык образды ачат. Эгер лирикалык образ мисалы, аял же гүл болсо, ага карата күчтүү сезимдин атылышын, эбегейсиз акындык кудуретти даңазалайт.

Эки бөлөк болгон менен үйүбүз,
Экөөбүздүн бирдей ысык сүйүүбүз.
Эки башка турган менен айылыбыз,
Экөөбүздүн бирдей оор кайгыбыз.

Э.Турсуновдун лирикаларындагы дагы бир касиет ал изденүүгө жана жаңы формага өзгөчө маани бергендигинде. Кээ бир ырлары поэзияда түбөлүктүү ырдалган, ырдала берчү темалардан болсо да алардын табиятын жеткире түшүнгөн акын турмуштагы кандай гана көрүнүштү албасын, өзүнчө ой жүгүртүп, өзүнчө толгонууга умтулат.

Акын классикалык сонет формасына такай кайрылып келет. Сонет формасынын өзгөчөлүктөрү менен талаптары Э.Турсуновдун лирикасында толугу менен сакталган жана көркөмдүк ыкмалары устаттык менен пайдаланылган.

Жалпы эле кыргыз поэзиясы жөнүндө бүгүнкү түшүнүктөрдөн, бүгүнкү позициядан туруп, азыркы кыргыз лирикасынын абалы жана табияты кандай деген суроого жооп издесек, анда акын Э.Турсуновдун поэзиясынан Адам турмушунун түбөлүктүү темаларын чагылткан, ага карата терең ой жүгүрткөн түбөлүктүү поэзиянын дүйнөсүнө туш болосуң.

АДАБИЯТТАР

1. Асаналиев К. Доор менен бирге. –Ф.: Кыргызстан, 1981, 218-б.
2. Турсунов Э. Гүл. –Ф., 1955.
3. Эдилбаев К. Сөз тагдыры. -Ф.: Кыргызстан, 1981, 63-б.